Аллах

Аллахым жокту бар кылып бизди жаратты
Көрүүчү затсың угуучу билүүчү затсың
Жашоодо биз жасап каталык
Сыноону билбей сезбей жашадык
Кечиримдүүсүң кечиргин бизди
Билип билбестен күнөө жасадык

Кайырма:

Намазың жок канча таң аткан
Өмүр болсо өтүп бараткан
Нафсибизди жеңер күч берип
Өзүң сакта бизди жараткан
Периштелер уксун жакшысын
Белек кылчы бейиш ачкычын
Ар адамга насип кыла көр
Эки дүйнөнүн тең бактысын

Аллахым бизди сынайсың эки жол турат
Бир жолдо азап бир жолдо бакыт кол сунат
Алдыңа биз барарыбыз чын аягы келсе сапарыбыздын
Амалга карап азап тозокто
Аллахым жалгыз сактарыбызсың